**«Бекитемин»**

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, профессор Т.А.Абдырахманов

_______________

“29” 08 2019

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин

Студенттик Өкмөтү жөнүндө

**ЖОБО**

1. **Жалпы жоболор**

1.1. Студенттик Өкмөт (мындан ары СӨ) билим жана тарбия берүү тармагындагы мамлекеттик саясатты, о.э. студенттердин коомдук өз алдынча ишмердүүлүгү аркылуу Мамлекеттик жаштар саясатын ишке ашыруучу, И. Арабаев атындагы КМУнун (мындан ары университет) билим жана тарбия берүү процессин башкарууга ыктыярдуу, өз алдынча катышкан жана өз жоопкерчилигин алган, өлкөнүн мыйзамдарында белгиленген студенттик ишмердүүлүк.

1.2. СӨ - коомдук башталышта университеттеги студенттик өзүн өзү башкаруунун функцияларын аткаруучу коллегиалдык кеңешме жана уюштуруучу-аткаруучу орган.

1.3. СӨ - университеттин студенттеринин кызыкчылыктарын эске алуу менен аларды ишке ашырып, өз ишмердүүлүгүндө КМУнун Уставын жана жобону жетекчиликке алат.

1.4. СӨ - коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууда Жаштар иштери кызматынын (ЖИК) ишмердүүлүгүнүн түзүмдүк формасын көрсөтөт.

1.5. СӨ - мамлекеттик мекеме формасында юридикалык тарап болуп саналбайт, бирок И. Арабаев атындагы КМУнун эмблемасы менен логотибин колдонууга укуктуу

1.6. СӨ - төмөнкү аталыштарга ээ:

Орус тилинде: **И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Студенттик Өкмөтү**

1.7. Дареги: Кыргыз Республикасы 7220026 Бишкек ш., Раззаков к. 51.

## 2. СӨнүн максаттары жана милдеттери

2.1. Негизги максаттары жана милдеттери:

- окуу процессининин натыйжалуулугун жогорулатууга, сабактан тышкаркы учурда маданий-массалык, билим жана тарбия берүүчү иш-чараларды уюштурууда студенттердин чыгармачыл ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн активдештирүүгө көмөктөшүү;
- студенттердин укуктары менен кызыкчылыктарын сунуштоо жана коргоо;
- студенттердин аң-сезимин жана өз билимдеринин деңгээлине алардын талап коё билүүлөрүн жогорулатууга багытталган иштерди жүргүзүү, университеттин мүлктөрүнө аяр мамиле кылууга, өзүнүн жогорку окуу жайына жана мамлекетине патриоттук мамиле жасоого тарбиялоо;
- студенттердин дүйнө таанымын өнүктүрүү жана өздүк интеллектуалдык мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу;
- КМУнун студенттеринин арасында сергек жашоо мүнөзүнө жана экологиялык дүйнө таанымга үгүттөө;
- ЖОЖдор, региондор аралык жана эл аралык студенттик байланыштарды чыңдоо.

**3.СӨнүн ишмердүүлүгүнүн негизги багыттары:**

- окуу;
- илимий- изилдөөчүлүк;
- тарбия берүүчүлүк;
- социалдык-маданий;
- спорттук;
- маалыматтык-публицистикалык.

## 4. СӨнүн укуктары жана милдеттери

4.1. СӨнүн негизги укуктары жана милдеттери:

- студенттердин кызыкчылыктарын сунуштоо жана коргоо;
- студенттик турмуштун ар түрдүү маселелери боюнча демилге көтөрүү;
- институттардын, факультеттердин админстрациясына деканаттардын, маалымат берүү менен, уюштуруучу жана өткөрүүчү иш-чаралардын планы боюнча КМУнун админстрациясына сунуштарды киргизүү жана макулдашуу;

- эл аралык коммерциялык эмес уюмдарга кирүү;
- кайрымдуулук ишмердүүлүгүн ишке ашыруу;
- атамекендик, чет өлкөлүк инвесторлордун, кайрымдуулук уюмдарынын каражаттарын тартуу;
- студенттик Өкмөттүн ишмердүүлүгүн ишке ашыруу үчүн зарыл башка функцияларды аткаруу.

**5. СӨнүн каражаттары жана аларды түзүүнүн булактары**

- КМУда каралган каражаттар;
- студенттердин ыктыярдуу которуулары;
- мыйзам жол берген башка булактар аркылуу каражаттардын түшүшү.

**6. СӨнүн эсеп-кысабы жана отчёттулугу**

- СӨ жумасына бир ирет ЖИКтин башчысына отчёт берет;
- СӨнүн ишмердүүлүгү Жаштар саясаты жана спорт боюнча проректору тарабынан көзөмөлдөнөт;
- СӨ айына бир ирет Жаштар саясаты жана спорт боюнча проректорго отчёт берет.

**7. СӨнүн курамы жана функциялары**

7.1. СӨ төрагасы, анын орун басарлары жана университеттин бардык түзүмдүк курамдарынын СӨ төрагалары башында турган студенттик активдердин жалпы жыйналышы СӨнү башкаруунун жогорку органы болуп саналат.

Студенттик өзүн өзү башкаруунун негизги функциялары болуп саналат;

- ЖОЖдор аралык, жергиликтүү, регионалдык, республикалык деңгээлдерде университеттин студенттеринин кызыкчылыктарын билдирүү;
- КМУнун админстрациясына студенттердин кызыкчылыктарын билдирүү;
- илимий, окуу, тарбиялык жана коомдук ишмердүүлүгү үчүн студенттердин сыйлоо жөнүндө сунуштарды Университеттин Окумуштуулар Кеңешинин кароосуна алып чыгуу;
- студенттердин социалдык-турмуштук маселелерин чечүүгө катышуу;
- студенттердин илимий-изилдөө иштерин жана окуу-тарбия процессин жакшыртуу боюнча сунуштарды алып чыгуу;

- студенттердин катышуусу менен иш-чараларды өткөрүү боюнча чечимдерди кабыл алуу тууралуу сунуштарды алып чыгуу.

7.2.Студенттик өкмөттүн башчысы курам бөлүмдөрүнүн жана түзүмдөрдүн студенттик активдеринин катышуусунда жалпы университеттик жыйында шайланат жана жүктөлгөн милдеттерди аткарбаган учурда СӨнүн көпчүлүк мүчөлөрүнүн чечими менен анын милдеттерин мөөнөтү бүткөнгө чейин орун басары аткарат.

**7.3. Төраганын ишмердүүлүгү камтыйт:**

- КМУнун студенттик өзүн өзү башкаруусунун ишмердүүлүгүн пропагандалоону;
- ЖОЖ жана ООЖ студенттери жана студенттик өзүн өзү башкаруу төрагалары менен тыгыз өз ара байланышууну;
- шаардык, республикалык жана эл аралык масштабда жаштар форумдарын өкмөттүк жаштар уюмдары менен биргелешип өткөрүүнү жана көмөктөшүүнү;
- КМУнун жаштар өкмөтүнүн ишинин натыйжалуулугун;
- СЖМга зарыл шарттарды түзүү боюнча дене тарбия кафедрасына көмөк көрсөтүүнү;
- Тарбиялык жана социалдык-маданий иш-чараларды уюштурууда жана өткөрүүдө студенттер менен тыгыз өз ара аракетти;
- илимий-изилдөө иштерин өнүктүрүүгө көмөктөшүүнү, илимий ийримдерге, студенттик илимий чөйрөгө студенттерди тартуу боюнча иштерди жүргүзүүнү;
- КМУнун студенттеринин арасында көркөм чыгармачылыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүүнү;
- КРдин жана чет өлкөлүк белгилүү инсандар менен ар кыл жолугушууларды өткөрүүнү;
- студенттердин фестивалдарын, конкурстарын жана эс алуусун уюштурууну;
- ММК менен тыгыз байланышты түзүүнү;
- дене тарбия кафедрасы тарабынан өткөрүлүүчү спорттун ар кыл түрлөрү боюнча иш-чараларга жана ЖОЖдор аралык олимпиадаларга студенттердин катышуусун камсыздоону.

**8. СӨнүн ишмердүүлүгүн жоюу**

81. СӨнү түзүү, кайрадан уюштуруу жана жоюу КМУнун Окумуштуулар Кеңешинин чечими менен ишке ашырылат.